Окумуштуулар кенешинде каралды
Протокол №5
«30» декабрь 2016-ж.

Буйрук
№ 25-1/п
«31» март 2017-ж.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# ЭЛ АРАЛЫК «АЛА-ТОО» УНИВЕРСИТЕТИ

# 5 ЖЫЛДЫК ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ
# (2017-2021-жж.)

**Бишкек – 2017**

# Мазмуну

**Жалпы маалымат**...3
Миссиясы ...4
Көрүнүшү ...4
Баалуулуктарыбыз...4
SWOT анализ ...5
Күчтүү жактарыбыз...5
Кемчиликтерибиз...5
Мүмкүнчүлүктөр ...7
Коркунучтарыбыз...7
Кесиптик профессионалдуулукка артыкчылык берүү...7
Маданият баалуулуктары аркылуу тарбиялоо ...8
Университеттин каржы стратегиясы ...9

**Стратегиянын багыттары**
**1. Билим берүү (колледж, бакалавр, магистратура, аспирантура, кесиптик жогорулатуу)**...10
1.1. Бакалавр адистерин даярдоону жакшыртуу ...10
1.1.1. Ийгиликтүү абитуриенттерди кабыл алуу...10
1.1.2. Кесипкөй окутуучуларды тартуу боюнча...11
1.1.3. Тил үйрөнүү деңгээлин көтөрүү...11
1.1.4. Үзгүлтүксүз өнүгүү...12
1.1.5. Жаңы багыттагы программаларды ачуу ...12
1.2. Магистратура жана аспирантура ...13
1.2.1. Тандалуучу жана таанымал болуу...13
1.3. Кесиптик билимди өркүндөтүү...14

**2. Илимий изилдөө, инновация** ...14
2.1. Илимий кадрларды даярдоо жана илимий изилдөөнү уюштуруу...14
2.2. Илимий изилдөөнүн сапатын жана натыйжалуулугун арттыруу...15
2.3. Илимий изилдөөлөрдөгү инновацияларды аныктоо жана илимий долбоорлорду түзүү 16

**3. Адам ресурстары**...16
3.1. Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча жоболорду иштеп чыгуу жана бекитүү ...16

**4. Эл аралык кызматташтык** ...17

**5. Коомго кызмат кылуу**...18
5.1. Коомдогу проблемалардын үстүндө иштөө ...18
5.2. Изилдөө борборлору жана технопарк ...18
5.3. Ишкерлер жана өндүрүш байланышты жакшыртуу...19
5.4. Бүтүрүүчүлөр жана демөөрчүлөр менен иштешүү...19

**6. Корпоративдик башкаруу** ...20

**7. Сапатты башкаруу**...20

**8. Таанытуу, жарнамалоо принциптери** ...21

**9. Окутуучу-профессордук курамды жана студенттерди канааттандыруу**...21

**10. Материалдык-техникалык база**...22

**Медицина факультетинин стратегиялык планы** ...23

## Жалпы маалымат

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн уруксаты жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин лицензиясы менен жеке менчик университет катары ачылган Эл аралык «Ала-Тоо» университети 1996-жылдан баштап өз ишмердигин улантып келет. Университет, 54000 чарчы метрлик ачык жана 16000 чарчы метрлик жабык аянттагы заманбап кампуста студенттерге билим берип келет.

Кампус 5 блоктон туруп, анда интернет жана акылдуу доскалар менен жабдылган заманбап лабораториялар жана аудиториялар жайгашкан. Заманбап программа колдонулган 30 миң китепке ээ китепкана, 250 кишилик ашкана, 2 кантин, спорт зал, спорт аянтчалары жана жашыл бакча университеттин студенттеринин кызматында.

Университеттин курамында 4 факультет (Экономика жана башкаруу, Гуманитардык, Инженерия жна информатика, Медицина) 13 кафедра, орто кесиптик билим берүү программасы жана дистанттык билим берүү боюнча бакалавриат, магистратура жана аспирантура окуу программалары боюнча университетте дүйнөнүн 21 өлкөсүнөн 2412 студент билим алышат. Окутуу тили англисче болуп, орусча, кыргызча жана түрк тилдеринде кошумча сабактар өтүлөт. Кээ бир бөлүмдөрдө тандоого жараша жапон, немис, кытай жана француз тилдерин да үйрөнүүгө болот. Англис тили үчүн даярдоо курсу бар. Кыргызстандан сырткары АКШ, Кытай, Индия, Түркия ж.б. өлкөлөрдөн келген тажрыйбалуу, жогорку педагогикалык тажрыйбага ээ профессордук-окутуучулук курамы бар.

Университеттин төмөндөгү өлкөлөр менен алмашуу программалары бар: Борбордук Азия, Түркия, АКШ, Кытай, Европа. Бул программалар боюнча ар кайсы университеттерге жөнөтүлгөн студенттер жана окутуучулар билим, тажрыйба, маданият жана башка баалуулуктарын жогорулатып кайтышат. Экинчи жана үчүнчү курстардын студенттери эң престиждүү компанияларда практика өтүшөт.

Университет билим берүү менен кошо студенттердин дүйнө таанымын кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн конференцияларды, семинарларды, проекттерди уюштурат жана университетте кызыгуусуна карата ар түрдүү клубдар, социалдык иш-чаралар, майрамдар жана башка иш-чаралар өткөрүлүп турат.

Университеттин бүтүрүүчүлөрү кесибин жана англис тилин жакшы билгендиги, компьютердик билими, маданияты жана тажрыйбасы аркылуу өлкөдө жана дүйнөнүн ар тарабында эмгектенишет.

**Миссиясы**

Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасынын алкагында Эл аралык «Ала-Тоо» университети компетентүү, көп тилдүү, атандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо максатын көздөйт. Университеттин, тактап айтканда биздин максат: тарыхый баалуулуктарды боюна сиңирген, сын көз караш менен караган, көп кырдуу, билимди иш менен айкаштыруу аркылуу өзгөрүлмө шартка ыкчам ылайыкташа билген, дүйнөнүн ар тарабынан ийги иштеп кете алган, жаңычыл, жаратман, чыгармачыл адистерди даярдоо деп табылат.

Университет адистерди даярдоодо улуттук нарк-дөөлөттөргө шайкеш дүйнөлүк баалуулуктарды, жакшы салт-санааны сактайт, маалымат технологияларды, инновациялык ыкмаларды, илимий изилдөөлөрдү өнүктүрөт. Өлкөнүн эл аралык университети катары илим-билим жана инновация багытындагы адамзаттын жашоо турмушуна жана коомдун өнүгүүсүнө салым кошууга бүт мүмкүнчүлүгүн жумшайт.

Адистерди даярдоонун сапатын арттырууда инновациялык жана интеллектуалдык ресурстарды максаттуу пайдалануу менен университет Борбордук Азия өлкөлөрүндө алдыңкы эл аралык университеттердин катарында болууну көздөйт.

**Көрүнүшү:**

- Эл аралык «Ала-Тоо» университети дүйнөлүк жетишкендиктерди пайдалануу менен билим берүү, илим жана тарбия ишмердүүлүгүн уюштуруучу, үзгүлтүксүз билим берген инновациялык университет;
- коомдун талабына ылайык келген жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодо университет билим берүү менен илимдин жана технологиянын жетишкендиктерин айкалыштырат. Аны үчүн университет илимий мектептердин, борборлордун жана лабораториялардын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланат.

**Баалуулуктарыбыз:**

1. Билим берүүдөгү профессионализм.
2. Илимий изилдөөдө жогорку жетишкендик.
3. Билим берүүнүн борбору – студент.
4. Өзгөчөлүктөрдү баалоо – байлык.
5. Академиялык көз карансыздык.
6. Адеп-ахлак.
7. Башкарууга жалпы сереп.
8. Сынчыл ойлом.

9. Экологияга сый мамиле.
10. Глобалдык маселелерди чечүүгө салым кошуу.
11. Университеттин баалуулуктарын өнүктүрүү.
12. Жеке демилгелерди колдоо.

**SWOT анализ**

**Күчтүү жактарыбыз:**

1. Чет өлкөлөрдө билим алган, илимий жана профессионалдык тажрыйбага ээ болгон окутуучулук-профессордук курам.
2. Жогорку сапаттагы академиялык программалар.
3. Абитуренттер тарабынан тандоого ээ болгон университет.
4. Ынтымактуу жана мобилдүү профессионалдык кадрлар.
5. Студенттер үчүн түзүлгөн заманбап кампус.
6. Билим берүүнүн борбору – студент.
7. Электрондук ресурстары бар китепкана.
8. Өлкө ичиндеги жана чет элдеги университеттер менен байланыш түзүү мүмкүнчүлүктөгү окуу жайы.
9. Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу.
10. Чет тилде билим берүүдөгү артыкчылык.
11. Автоматташтырылган маалыматтык башкаруу системасы.

**Кемчиликтерибиз:**

1. Каржы ресурстарынын жетишсиздиги.
2. Эл аралык деңгээлдеги илимий макалалардын аздыгы.
3. Өндүрүш жана бизнес менен болгон байланыштын жетишсиздиги.
4. Окутуучулардын чыгармачылыгына жетишсиз көңүл бурулууда.
5. Глобалдашып бараткан университет чөйрөсүндө адистердин англис тилин жетик билбегендиги.
6. Окутуучу-профессордук курамга мотивациянын жетишсиздиги.
7. Окутуучу-профессордук курамдын жетишкендиктерин, рейтингин баалоо механизиминин жоктугу.
8. Бүтүрүүчүлөр менен байланыштын жакшы жолго коюлбагандыгы.
9. Мамлекеттик жана эл аралык илимий долбоорлордун аздыгы.
10. Мамлекеттик тилге болгон мамилелердин жетишсиздиги.
11. Кесипкөй адистерди кармоо саясатынын начардыгы.
12. Университет менен мектептердин ортосундагы байланышты начардыгы.
13. Эл аралык аккредитациянын жоктугу.
14. Окутуучу-профессордук курамда, башкаруу системасында

отчеттуулуктун начардыгы.

15. Университеттин өлкөдөгү ички жана эл аралык тышкы байланышынын начардыгы.

16. Эне тили англисче болгон окутуучулардын аздыгы.

**Мүмкүнчүлүктөр**

1. Университеттин уюм маданиятын калыптандыруу, жаңы баалуулуктарды табуу жана негиздөө.
2. ERASMUS жана башка уюмдардын колдоосунан пайдаланып жаны долбоорлорду иштеп чыгуу.
3. Чет элдик университеттер менен кызматташтыкта болуунун негизинде инновациялык технологияларды жана ыкмаларды университетибизге жайылтуу.
4. Өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдөгү бүтүрүүчүлөрүбүз аркылуу жаңы кызматташтык түзүү.
5. Университетибизде PhD программаларын ачуу.
6. Материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана инновациялык потенциалды колдонуу.
7. Кош диплом берүүнү ишке ашыруу.
8. Чет өлкөлөрдөн студенттерди тартуу жагын күчөтүү.
9. Окутуучу-профессордук курамдын билимин жана компетенттүүлүгүн жогорулатуудагы кайра даярдоо курстарын, тиешелүү иш-чараларды уюштуруу жана дүйнөдөгү алдыңкы университеттер менен кызматташуу.
10. Кыргызстандагы ЖОЖдор менен тыгыз байланыш түзүү.
11. Университеттеги окутуучулар менен студенттердин мобилдүүлүгүн уюштуруу.
12. Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес долбоорлор менен иш алып баруу.
13. Мотивациялык фонд түзүү жана окутуучу-профессордук курамды сыйлоо.
14. Илимий изилдөөлөрдүн натыйжасын маалымат катары пайдалануу. Ал маалыматтарды экономикалык ресурска айландырып, кайрадан түшкөн кирешени билим берүүгө жумшоо, шарт түзүү.
15. Университетти таанытуу иштерин жүгүзүүдө профессионалдык команда түзүү.
16. Массалык маалымат каражаттары аркылуу университеттин мүмкүнчүлүктөрүн кеңири таанытууга жетишүү (атайын пресс-борбордун иштөөсү).
17. Кызматка алуу жол-жоболорун иштеп чыгуу.

18. Келечектеги өлкө үчүн өтө керектүү болгон кесиптерди ачуу жана ал адистиктердин сандык жана сапаттык жагын көбөйтүү (5 жылда 5000 студентке жеткирүү).

19. Университеттин жалпы структуралык түзүлүшүн, стандарттарын, окуу план-программаларын, толук системасын кыргыз билим берүү системасына шайкеш келтирүү.

**Коркунучтарыбыз:**

1. Университеттерге терс таасирин тийгизе турган факторлор (мисалы: кабыл алууда студенттеринин санындагы чектөөлөр ж.б.).

2. Окутуучу-профессордук курамдын эмгек акыларынын башка секторлорго караганда төмөндүгү.

3. Заманбап технологиянын өнүгүүсүнүн натыйжасында университетте колдонулган окутуунун технологиялардын эскирүүсү, жалпы билим сапатынын төмөндөөсү.

4. Кыргызстандагы англис тилдүү ЖОЖдордогу атаандаштыкка байланыштуу студенттердин тандабай калуу коркунучу.

**Кесиптик профессионалдуулукка артыкчылык берүү**

Соңку мезгилдерде билим берүү, илим, өндүрүш жана бизнес айдыңындагы натыйжалуу байланыштын жоктугунан илимий эмгектер менен аларды практикалоонун, өндүрүштө пайдалануунун ортосунда ажырым пайда болууда. Ошондуктан, жогорку окуу түзүмүндөгү кесиптик билим берүүдө ийкем система түзүп, бизнес менен бирге новатордук объектилерде жана билим берүү мекемелеринде туруктуу өсүү маданиятын өнүктүрүү зарылдыгы келип чыгат.

1. Кесиптик жөндөмдүүлүктү артыруунун эки жагын: кесиптик билим жана компетенттүүлүктү бирдей кароо.

2. Билим берүү системасына мониторинг жүргүзүү жана баалоо.

3. Кесиптик билимди артыруу максатында үзгүлтүксүз билим берүүгө жетишүү:

- кесиптик билимдин түзүлүшү жана кесиптин артыкчылыгын калыптандыруу;
- окуу программаларды замандын жана кесиптик билимдин талабына ылайык иштеп чыгуу, окутулган дисциплиналарды кесиптик багытка ылайыкташтыруу жана өнүктүрүү;
- эл аралык тажрыйбаларга таянып бүтүрүүчүнү өзгөргөн коомдогу кесиптик жашоого даярдоо;
- окутуучулардын теориялык жана практикалык билимге басым жасоо

менен жаңы инновациялык методдорду пайдалануу;

- өндүрүш менен билим берүүнүн байланышын арттыруу, кызыктуу проекттерди окуу процессине киргизүү;

4. Ишке жөндөмдүүлүктү арттыруу багытында иш алып баруу:

- теория менен практиканын тыгыз мамилеси, реалдуу сектор менен иштөө;
- рыноктун шартына байланыштуу окуу программаларын жаңылоо;
- эмгек рыногуна даяр жана жөндөмдүү кесипкөй адисти даярдоо;
- окуу процессинде студенттердин жоопкерчилик, ишмердүүлүк, ишкердүүлүк, активдүүлүк сыяктуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- пассив болгон өтө жөндөмдүү студенттерге атайын стратегияларды ойлоп табуу.

## Маданий баалуулуктар аркылуу тарбиялоо

«Эң зор капитал – бул элдин нравалык маданияты. Ал жок болсо, өнүккөн аң сезимдин болушу да мүмкүн эмес»

*Ч. Айтматов*

Билим берүүнүн гумандуу мүнөзү – улуттук маданий байлык менен шайкеш келген жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык берүү, жарандуулукка, эмгекти сүйүүгө, мекенчилдикке жана адам укуктары менен эркиндиктерин урматтоого тарбиялоо.

- университеттин уюм маданиятын калыптандыруу. Уюм маданияты – бул максатка биригүүнүн, ийгиликке жетүүнүн ачкычы, негизги баалуулуктар менен адамдар ортосундагы мамилелерди, ишенучтерди, шарт жагдай позицияларды калыптандыруу.
- университеттин студенттеринин маданиятынын, этикетинин, өзгөчө зээндүүлүгүнүн, шык жөндөмүнүн, чыгармачылыгынын өсүүсүн камсыз кылуу;
- экономикадагы ааламдашуу учурунда студенттерге экономикалык тарбия берүү менен сарамжалдуулукка үйрөтүү;
- жаратылышты сүйүүгө, коргоого, жашылдандыруу иштерине тарбиялоо;
- университет көп улуттун өкүлдөрү болгондуктан улут аралык байланышты бекемдөө, урмат сый мамиле менен алардын маданиятын, тарыхын үйрөнүү;
- нравалык, руханий, инсандык жана маданий баалулуктарды сактоо

жана өнүктүрүү аркылуу эмгекти сүйүүгө, мекенчилдикке жана адам укуктары менен эркиндиктерин урматтоого тарбиялоо, жаңы баалуулуктарды табуу, түзүү жана негиздөө;

- дене, акыл, рух жана сезим жагынан саламаттыгы мыкты, ден-соолугу чың муунду тарбиялоо;
- университетте студенттердин кызыгуусу боюнча ар кандай маданий борборлорду ачуу;
- студенттерди үй бүлө куруу жана аны сактоо маселелерине калыптандыруу;
- университетте окутуучулардын жана студенттердин өзүн өзү башкаруу системасын өркүндөтүү.

**Университеттин каржы стратегиясы**

ЖОЖдор өзүн өзү каржылоонун кошумча алтернативдүү булактарын иштеп чыгуусу зарыл. Дүйнөлүк практикада алдыңкы ЖОЖду эффективдүү каржылоонун алтернативдүү булактары 4 түрдүү диверсификацияланат:

- студенттерге билим берүүдөн түшкөн каражат (контракт) – 25%;
- илимий изилдөө жана проектерден түшкөн каражат – 25%;
- демөөрчүлөр жана бүтүрүүчү фонддордон түшкөн каражат – 25%;
- университетте кошумча кирешеден түшкөн каражат – 25%.

Мында кирешенин көбөйүшү жана азайышына алып келет. Каржы булактарсыз билим, илим изилдөө иштерин жакшыртуу кыйын. Келечекте билим, илимди маалыматка айландырып аны сатуу маселеси каралууда.

Учурда университеттердин өздүк кошумча булактарын издөөгө муктаж. Университеттин учурдагы каржы булактарын карап чыгып, кошумча кандай каржы булактарын аныктап, эффективдүү каржылоо стратегияларын иштеп чыгуу зарыл. Мамлекеттеги атаандаштыкка жөндөмдүү жана экономикалык жактан өнүккөн университет түзүү максатында жан башына эсептелген финансылык системаны пайдалануу, ошондой эле көп каналдуу каржылоо системасын киргизүү менен 2017-2021 жылдарында төмөнкү каржылоо булактары сунушталат:

**1. Билим берүүдөн түшкөн каражаттардын көлөмүн 50-60% га жогорулатууга мүмкүн (контракт):**

- студенттердин санын көбөйтүү;
- студенттердин контракт үчүн төлөмдөрүн жогорулатуунун реалдуу жолдорун кароо;
- чет элдик студенттердин санын арттыруу, аларга ыңгайлуу шарт түзүү.

**2. Илимий-изилдөө жана башка проектерден түшкөн каражаттарды**

**20% га жогорулатуу мүмкүн.**

Бул каражаттарды көбөйтүү үчүн киреше алып келген илимий-изилдөө жана башка проектерине катышуу иштери боюнча бардык окутуучуларга стимул берүү жана алар менен жеткиликтүү иш алып баруу. Бул багыта окутуу, үйрөтүү жана ишке ашыруу боюнча атайын команда түзүү зарыл.

**3. Университеттин демөөрчүлөр жана бүтүрүүчүлөр тарабынан түшкөн каражаттарды %20 га жогорулатуу мүмкүн .**

- жогорку окуу жайыбызда билим алган бүтүрүүчүлөрүбүз менен байланыштарды түзүү аркылуу "Бүтүрүүчүлөр фондун» жаңы эффективдүү формага келтирүү;
- демөөрчүлөрдөн түшкөн каражаттарды көбөйтүү үчүн жаңы демөөрчүлөрдү табуу, университетти жаңы багытта таанытуу.

**4. Университеттин өзү иштеп тапкан ички кирешелерин %10 га көтөрүү мүмкүн.** Университеттин ички кирешелерин жогорулатуу боюнча кошумча булактарды табуу. Университеттин ички кирешелеринин (ашкана, кантин, ксерокс, типография, спорттук аянтчалардын ижаралары ж.б) жаңы багыттарын ачуу, өндүрүштөн табылуучу кирешенин булактарын кароо.

## Стратегиянын багыттары

### 1. Билим берүү (колледж, бакалавр, магистратура, аспирантура, кесиптик жогорулатуу).

### 1.1. Бакалавр адистерин даярдоону өркүндөтүү.

#### 1.1.1. Ийгиликтүү абитуриенттерди кабыл алуу.

Эң мыкты абитуриенттерди тартуу аркылуу бакалаврдык билим берүүнүн сапатын көтөрүү. Мындай абитуриенттер университеттин студенттик жашоосуна, чөйрөсүнө жана долбоорлорго жигердүү катышуусу күтүлөт.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөт | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Ар бир бөлүмдө ЖРТ боюнча эң жакшы 100, 500, 1000, 5000 тобуна кирген абитуриенттерди кабыл алынышы | Кафедра башчылары, PR офиси | Жыл сайын | Статистика маалыматы |
| Мектептерде таанытуу боюнча презентацияларды өткөрүүнү өркүндөтүү жана бүтүрүүчүлөр иштеген ишканалар менен байланышты өнүктүрүү | PR офиси | Жыл сайын | Статистика маалыматы |
| Ийгиликтүү студенттерди мотивациялоо системасын куруу | Ректорат | Жыл сайын | Статистика маалыматы |

### 1.1.2. Кесипкөй окутуучуларды тартуу боюнча

Билим берүүнүн эң маанилүү элементи – өз ишин мыкты билген кесипкөй окутуучу. Бул багытта университетке эң мыкты, тажрыйбалуу окутуучуларды тартуу үчүн төмөнкү багыттарда иш алып барат.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөт | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Жумушка алуу жана карьералык өсүү критерийлерин иштеп чыгуу, мезгилдик отчеттор | Ректорат | Жыл сайын | Окумуштуулар кенешинде маалымат |
| Илимий изилдөө фондун кеңейтүү | Ректорат | Жыл сайын | Окумуштуулар кенешинде маалымат |
| Эл аралык изилдөөлөргө, долбоорлорго жана программаларга окутуучуларды тартуу | Ректорат | Жыл сайын | Окумуштуулар кенешинде маалымат |
| Педагогикалык ишмердүүлүктү жакшыртуу үчүн иш-чараларды уюштуруу | Проректор | Жыл сайын | Окумутуулар кенешинде маалымат |
| Окутуучулар менен студенттердин катнашын оптималдаштыруу | Проректор | Жыл сайын | Окумуштуулар кенешинде маалымат |
| Окутуучуларды офис жана керектүү жабдуулар менен камсыз кылуу, социалдык, медициналык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу | Проректор | Жыл сайын | Окумуштуулар кенешинде маалымат |

### 1.1.3. Тил үйрөнүү деңгээлин көтөрүү

«Ар бир элдин тили – бүткүл адамзаттын мүлкү», – деп айткан улуу жазуучубуз Ч. Айтматов. Эл аралык статуска ээ болгон жана кесиптик сабактарды англисче жүргүзгөн университет катары студенттерибиздин бир канча тилди билүүсүн жана колдонуусун камсыз кылуу эң башкы милдеттерибизден бири.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөт | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Англис тили окутуучуларынын TOEFL же башка эл аралык сынактардан өтүп, англис тили деңгээлин тастыктаган сертификат алуусу | Тил институту | 2017-2021-жылдар | 45% |
| Даярдоо курсун окуган студенттердин билим сапатын кошумча программаларды уюштуруу аркылуу жогорулатуу | | Жыл сайын | 80 процент 2018-жыл |
| Кыргыз элинин маданиятын жана каада-салтын чагылдырган тил үйрөтүү китептерин даярдоо | | 2017-2021-жылдар | Китептер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Университеттин 1-2-курстарындагы студенттерге кесиптик тил үйрөтүү программаларын жана окуу китептерин даярдоо | Тил институту | 2017-2021-жылдар | Программалар жана окуу китептери |
| Англис тилин үйрөтүүдө жаңы технологияларды колдонуу жана чет элдик адистерди тартуу | Англис тили кафедрасы | 2020-жыл | |
| Тил сабактарын берген окутучуулардын квалификациясын белгилеген жобону (окутуучу, ага окутуучу) иштеп чыгуу | Тил институту | 2017-жыл | |
| Университеттин окутуучуларына англис жана кыргыз тилин үйрөтүү программаларын иштеп чыгуу, аткаруу жана ишке ашыруу | Тил институту | 2017-2021-жылдар | |
| Мамлекеттик тил борборун ачуу жана жаңы технологиялар менен тил үйрөтүү | Ректорат | 2017-2021-жылдар | |

### 1.1.4. Үзгүлтүксүз өнүгүү

“Өмүрүң билим берүү аркылуу” принцибинин негизинде билим берүүнү ишке ашыруу. Өнүгүү бир жолу болчу нерсе эмес, ошондуктан бул процессти үзгүлтүксүз улантуу керек. Үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу үчүн төмөнкү иш-чаралар жүзөгө ашырылмакчы.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Билим берүү (колледж, бакалавриат, магистратура, аспирантура) программасын жакшыртуу, студенттердин өз алдынча өнүгүүсүн жана билим алуусун өнүктүрүү | Проректор, декандар, кафедра башчылары | Жыл сайын | Салыштырма анализ |
| Эл аралык байланышты өркүндөтүү, студент-тер менен окутуучулардын мобилдүүлүгүн көбөйтүү | Проректор, Эл аралык байланыштар офиси | Жыл сайын | Салыштырма анализ |
| Китепкана кызматын жакшыртуу жана башка китепканалар менен чогуу иш алып баруу жана китеп алмашуу | Китепкана | Жыл сайын | Салыштырма анализ |
| Китепкана үчүн коопсуздук (коргоо) системасын жана автоматтык түрдө китептерди берген терминал куруу | Китепкана | Жыл сайын | Салыштырма анализ |
| Студенттерди социалдык-маданий жактан өнүктүрүү | Тарбия департаменти | Жыл сайын | Пайыздык катыш |

### 1.1.5. Жаңы багыттагы программаларды ачуу

Өнүгүп жаткан инфраструктурабыз келечекте жаңы багыттар боюнча программаларды ачууга мүмкүнчүлүк түзөт. Университет төмөнкү багыттар боюнча жаңы программаларды ачууну көздөйт.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Стоматология адистигин ачуу | Ректорат | 2019-2021-жылдар | Кафедра |
| Бухгалтердик эсеп жана аудит адистигин ачуу | Ректорат | 2017-2018-жылдар | Кафедра |
| Эл аралык аккредитация программаларын баштоо | Ректорат | 2017-2021-жылдар | Аккредитация |
| Биоинформатика магистердик программасын ачуу | Ректорат | 2017-2019-жылдар | Кафедра |
| Дистанттык окутуудагы программалардын санын көбөйтүү | Ректорат | 2017-2021-жылдар | Ачылган программалар |
| Күн энергиясын пайдалануу боюнча адистиги жана программа ачуу | Ректорат | 2018-2021-жылдар | Ачылган программалар |
| Глобалдык өнүгүү багытында магистердик программаны ачуу | Ректорат | 2018-2021-жылдар | Ачылган программалар |
| PhD программасын ачуу | Ректорат | 2018-2021-жылдар | Ачылган программалар |
| Медициналык кесиптик колледж ачуу | Ректорат | 2018-2021-жылдар | Колледж |

## 1.2. Магистратура жана аспирантура.

### 1.2.1. Тандалуучу жана таанымал болуу.

Университеттин магистратура программалары жаңы болгонуна байланыштуу алгач тааныттуу иш-чараларын өткөрүү жана таанымал болуусун камсыз кылуу университет үчүн чоң мааниге ээ.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Магистратура жана аспирантура программаларын тааныттуу | Ректорат | Жыл сайын | Отчет |
| Профессордук окумуштуулар курамынын сапатын жакшыртуу, тажрыйбасын арттыруу | Ректорат Деканат | Жыл сайын | Статистикалык отчет |
| Магистранттарды жана аспиранттардын илимий иштерин колдоого алуу, сапатын көтөрүү | Деканат | Жыл сайын | Салыштырма анализ |
| Чет элдик университеттер менен келишим түзүп, жаңы программаларды иштеп чыгуу | Ректорат Эл аралык байланыш офиси | Жыл сайын | Отчет |
| Кош диплом берүүчү программаларды уюштуруу | Ректорат Эл аралык байланыш офиси | Жыл сайын | Отчет |

### 1.3. Кесиптик билимди өркүндөтүү

Ааламдашуу доорунда жаңы окутуу ыкмалары жана технологиялары пайда болууда. Мындай процесстен артта калбоо максатында жана улуу муундун тажрыйбасын жаш муунга өткөрүү өтө маанилүү.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Окутуучунун кесиптик жана педагогикалык билимдерин жогорулатуу боюнча атайын программаларды кабыл алуу жана ишке ашыруу | Проректор | Жыл сайын | Отчет |
| Окутуучулардын сабактарына катышуу, окутуу процессин анализдөө аркылуу алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу | Квалифика-цияны жогорулатуу жана инновация институту | Жыл сайын | Отчет |
| Окуу процессин жакшыртууга котормо бөлүмдөрү үчүн эл аралык айрым сертификат программалар менен камсыз кылуу | Квалифика-цияны жогорулатуу жана инновация институту | 2017-2018-жылдар | Отчет |
| Билим берүүнү өнүктүрүү жана инновациялар институтун кайра даярдоо жана билимин өркүндөтүү институту кылып өзгөртүү | Ректорат | 2017-2018-жылдар | Ачылган программа-лар |

## 2. Илимий изилдөө, инновация.

### 2.1. Илимий кадрларды даярдоо жана илимий изилдөөнү уюштуруу.

Университеттин негизги максаттарынын бири – бул илим изилдөө. Жаңы илимий кадрларды даярдоо жана окутуучулар студенттер арасында илимге жана илимий изилдөөгө кызыгууну арттыруу. Жаңы илимий кадрлар Кыргызстандагы илим менен чектелбестен, чет мамлекеттерде да ар кандай программалар менен барып тажрыйбасын байытуу пландалууда.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Университеттин өнүгүшүнө, келечегине байланышкан иш-чараларды уюштуруу | Ректорат Деканат Институттар | 2017-2021-жылдар | Конференция, журнал |
| Окутуучу-профессордук курамдын ичинен окумуштуулук наамы жана илимий даражасы | Ректорат | Жыл сайын | Салыштырма анализ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| бар компетенттүү окумуштуулардын санын арттыруу жана колдоо көрсөтүү | | | |
| **Чет элдик окумуштуулар менен байланыш түзүү:**<br>• алар менен биргелешкен илимий темаларды аныктоо жана бекитүү;<br>• жаш окумуштууларды бул ишке тартуу;<br>• чет элдик окумуштууларды илимий жетекчиликке тартуу | Проректор | Жыл сайын | Салыштырма анализ |
| **Илимий иштерди координация кыла турган атайын «Илимий департамент» ачуу:**<br>• ар бир окумуштууну илимий иштерге тартуу;<br>• жыл сайын окумуштуулардын жетишкендиктери боюнча отчет берүү;<br>• университеттик масштабда республикалык жана эл аралык конференцияларды уюштуруу. | Ректорат | 2018-2021-жылдар | Бөлүмдүн компетент-түүлүгү |
| **Илимий изилдөөлөрдү стимулдоо:**<br>• жыл сайын илимий изилдөөлөргө каражат бөлүү жана уюштуруу;<br>• университеттин окумуштуусунун илимий ишмердүүлүгүн балл (ВАК) аркылуу аныктоо жана алдыңкы изилдөөчүлөрдү жылдын жыйынтыгы менен сыйлоо;<br>• университеттин сыйлыгы тууралуу жобону иштеп чыгуу. | Ректорат | Жыл сайын | Салыштырма анализ Окумуштуу-лар кенешинде бекилген Жобо |

## 2.2. Илимий изилдөөнүн сапатын жана натыйжалуулугун арттыруу

Сапаттуу илимий изилдөөлөр коомго зор пайдасын алып келет. Бул максатты ишке ашыруу үчүн изилдөөлөрдүн сапатына жана натыйжалуулугуна басым жасалмакчы.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Эл аралык илимий проекттерди координциялоону колго алуу (Эрасмус+, ж.б.), аны окутуучуларга жарыялоо | Проректор | 2017-2021-жылдар | Отчет |
| КР Билим берүү жана илим министрлигинин илимий темалары боюнча маалымат алуу жана окумуштуулардын бул конкурска катышуусун уюштуруу | Проректор | 2017-2021-жылдар | Отчет |
| Курстук жана дипломдук иштерге сапатын көтөрүү боюнча программалар менен камсыз кылуу | Ректорат | 2017-2019-жылдар | Отчет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кыргыз Патент аркылуу илимий иштердин натыйжасын өндүрүшкө жайылтуу тууралуу патенттерди, автордук күбөлүктөрдү алууну уюштуруу | Проректор | 2017-жылдан баштап | Отчет |
| Импакт фактору бар журналдарга макала-ларды жарыялоонун үлүшүн жогорулатуу | Проректор | Жыл сайын | Отчет |

**2.3. Илимий изилдөөлөрдөгү инновацияларды аныктоо жана илимий долбоорлорду түзүү**

Көп баскычтуу Болон процесси башталгандыгына байланыштуу, университет бул трансформация учурунда артта калбоосу керек. Ошондуктан Болон процессине туура келгендей кылып бакалаврдан кийинки программаларга да өзгөчө көңүл бурулмакчы.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Магистратура, аспирантура, PhD докторантура тууралуу жоболорду кабыл алуу | Илим боюнча проректор | 2017-жыл | Жоболор |
| Студенттерди илимий иштерге тартуунунун жана стимулдоонун жаңы формаларын иштеп чыгуу | Проректор | 2017-жыл | Окумуштуу-лар кенешинде бекитилген Жоболор |
| Илимий лабораторияларды түзүү, (метрология жана стандартизация ж.б.) | Проректор | 2017-жыл | Лаборатория лардын саны |

**3 Адам ресурстары.**

**3.1. Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча жоболорду иштеп чыгуу жана бекитүү.**

Университеттин эң баалуу ресурсу – адам ресурсу. Бул ресурстун өнүгүүсү университеттин келечегинин пайдубалы болгондуктан жасалган иштин натыйжасына карап, иштегендерге маани берилет.

| Иш-аракет | Жооптуу | Мөөнөтү | Натыйжа |
|---|---|---|---|
| Кызматкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо, рейтингин аныктоо тууралуу жобо | Комиссия, кадрлар бөлүмү | 2017-жыл | Жобо |
| Кызматкерлердин карьералык өсүүсүн мотивациялоо, эмгек акылары жана стимулдоо тууралуу жобо | Комиссия, кадрлар бөлүмү | 2017-жыл | Жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кызматкерлерди орундарга алуу, кызматтык милдеттери, аларга коюлуучу талаптар тууралуу жобо | Комиссия, кадрлар бөлүмү | 2017-жыл | Жобо |
| Университеттин башкаруу системасындагы негизги иш- чаралардын регламенти боюнча жобо | Комиссия, кадрлар бөлүмү | 2017-жыл | Жобо |
| Башкаруу системасынын өкүлдөрүнө коюлуучу кызматтык милдеттери жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү жөнүндө жобо | Комиссия | 2017-жыл | Жобо |

## 4. Эл аралык кызматташтык

